КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ТОҢ РАЙОНУ
АК-ТЕРЕК АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТОНСКИЙ РАЙОН
МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
АК-ТЕРЕК

---

**Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**VIII чакырылышынын III кезектеги сессиясы**

# ТОКТОМ

2025-жылдын 30-январы №27

Кара-Коо айылы

## Ысык-Көл облусунун, Тоң районунун Ак-Терек айыл өкмөтүнө караштуу Кызыл-Туу, Бар-Булак, Комсомол, Дөң-Талаа айылдарына Улуу Ата Мекендик согуштун ардагерлердин урматына эстелик орнотууга макулдук берүү жөнүндө

Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Зарнаев Жыргалбек Жакшылыковичдин Ысык-Көл облусунун, Тоң районунун Ак-Терек айыл өкмөтүнө караштуу Кызыл-Туу, Бар-Булак, Комсомол, Дөң-Талаа айылдарына Улуу Ата Мекендик согуштун ардагерлердин урматына эстелик орнотууга, жер маселесин чечип берүү боюнча билдирүүсүнүн негизинде, Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин муниципалдык менчик, жер, архитектура, курулуш, айыл чарба боюнча туруктуу комиссиянын сунушу угулуп, талкууланып Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү Кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Ысык-Көл облусунун, Тоң районунун Ак-Терек айыл өкмөтүнө караштуу Кызыл-Туу, Бар-Булак, Комсомол, Дөң-Талаа айылдарына Улуу Ата Мекендик согуштун ардагерлердин урматына эстелик орнотууга, жер маселесин чечип берүүгө макулдук берилсин.

2. Бул токтом каттоого алынып Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актыларынын реестрине киргизүү үчүн Ысык-Көл областтык Юстиция башкармалыгына жиберилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Ак-Терек айыл айымагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Зарнаев Жыргалбек Жакшылыковичке милдеттендирилсин.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин муниципалдык менчик, жер, архитектура, курулуш, айыл чарба боюнча туруктуу комиссиянын төрайымы Г.Ж.Сугатчиевага тапшырылсын.

**Төрага** **С. Эркинбек уулу**